**ТАГАЙ АСРАНОВ АТЫНДАГЫ №6 ИННОВАЦИЯЛЫК ОРТО МЕКТЕБИ. МУГАЛИМДЕРДИН ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ КЕСИПТИК ӨНҮГҮҮСҮН УЮШТУРУУ БОЮНЧА ЖОБО**

## 1.ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1.Үзгүлтүксүз кесиптик өсүш — бул педагогдун кесип тандаган убагынан баштап кесиптик өсүштөгү эң жогорку деңгээлге жетишине чейинки, педагогикалык билим алуу, дайыма кесиптик чеберчилигин жогорулатып туруу аркылуу, ошондой эле конкреттүү инсандын билим алуудагы муктаждыктарын канааттандыруу максатында өсүү жолун ырааты менен басып өтүшү.

**1.2. ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ**. Окуу, окутуу үзгүлтүксүз жүрөт, анткени бул кесип окутуунун абалын талдап (мен да ушинтем), натыйжалуулугун арттыруу ыкмаларын издейт жаңы билимдерди колдонот жана окуп-үйрөнүү муктаждыктарын талдоо кесиптик чеберчиликти жогорулатууга өбөлгө түзөт.

**1.3. КЕСИПТИК** окутуу – бул жөн эле башкалардын кылган кара жумушу эмес, өзгөчө кесип. Бул кесип дайыма ой жүгүртүп, ишибиздин учурдагы жүрүшүн дайыма талдап турууну жана аны өркүндөтүүгө умтулууну талап кылат.

**1.4.ӨСҮШ** – бул коомдогу өзгөрүүлөргө шайкеш келүү, өнүмдүү жашоо үчүн ишибизди жакшыртуу. Өсүш – бул бир абалдан экинчи, кыйла өркүндөгөн абалга өтүү процесси. Эски сапаттык абалдан жаңы сапаттык абалга өтүү.

**1.5.** ҮКӨ процесси мектеп кызматкерлеринин жетекчи менен бирге өзүнүн педагогикалык компетенттүүлүк деңгээлин аныкташына, алдыда окуп-үйрөнүү үчүн кандай муктаждыктары барлыгын билишине түрткү берет.

1.6.Педагогикалык кызматкерлердин кесипкөйлүгүн арттыруучу билим берүү уюму өздөрүнүн окутуу курстарынын программаларын мугалимдердин жана мектептин башка кызматкерлеринин муктаждыктарына багыттап кесипкөйлүүлүккө багытайт

## 2. ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ КЕСИПТИК ӨСҮШТҮН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

2.1. «Үзгүлтүксүз кесиптик өсүштүн максаты – ишмердиктин экономикалык, социалдык жана кесиптик шарттары дайыма өзгөрүп турган кезде мугалимдин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн билим берүүдөгү заманбап талаптарга шайкеш келтирүүчү инсандык-кесиптик өсүш».

2.3.«ҮКӨнүн негизги милдети төмөндөгүдөгүлөр аркылуу коомдун заманбап талаптарына, педагог менен мектептин муктаждыктарына жараша мугалимдердин үзгүлтүксүз инсандык-кесиптик өсүшүнө шарт түзүү болуп саналат:

- педагогдун кесиптик өсүшүн колдоонун көп деңгээлдүү тутумун уюштуруу;

-	кесиптик өсүштүн үлгүсүн тандоо үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жаратуу жана кесиптеги ишмердик тажрыйбасына карабай, кесиптик өсүштүн жеке программасын түзүү;

-	тийиштүү маалыматтык жана коммуникативдик ресурстар менен камсыз кылуу;

-	кесиптик өсүштүн шыктандыруучу жана түрткү берүүчү тутумун түзүү».

## 3. ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ КЕСИПТИК ӨСҮШ ТАЯНЫЧТАРЫНЫН ТОПТОМУ

3.1. ҮКӨ таянычтарынын топтому педагогикалык кызматкерлердин үзгүлтүксүз кесиптик өсүшүнүн максаттарын жүзөгө ашыруу үчүн таяныч жана Кыргызстандагы мугалимдердин кесиптик чеберчилигин арттыруу тутуму менен мектептердин жетекчи кызматкерлерин колдоого багытталган үзгүлтүксүз кесиптик өсүш процессинин бир бөлүгү болуп эсептелет.

3.2. ҮКӨ таянычтарынын топтому төмөнкү маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк түзөт:

* мугалимдердин жана жетекчилердин компетенттүүлүгүн баалоо, анын натыйжасы катары мектеп мугалимдери менен жетекчилик курамдын кесипкөйлүктү арттырууга болгон муктаждыктарын талдоо;

* мектептин ички иш-чараларын, педагогикалык адистердин кесиптик чеберчилигин арттыруу боюнча иш-чараларды майнаптуу пландоо жана жүзөгө ашыруу;

* райондук, шаардык деңгээлдерде мектептердин педагогикалык адистеринин кесиптик чеберчилигин арттыруу боюнча иш-чараларды майнаптуу пландоо жана жүзөгө ашыруу;

* мектептердин педагогикалык адистеринин муктаждыктары менен керектөөлөрүнө жараша кесипкөйлүктү жогорулатуу курстарынын тематикаларын аныктоо.

Жогоруда саналып өткөн милдеттерди ишке ашыруунун натыйжасында мугалимдерге эмес, окуучулардын муктаждыктарына багытталган ыкманы илгерилетүү аркылуу окуучуларды окутуу кыйла майнаптуу болот.

Жыйынтыктап айтканда, ҮКӨ таянычтарынын топтому мектептин кесиптик өсүш планынын түзүүдө негизги компонент болуп саналат. Ал мектепти өнүктүрүүгө жана жакшыртууга тиешелүү кеңири маселелерди жөнгө салуучу иштин жылдык планы менен тыгыз байланышкан жана мектептин стратегиялык планы болуп эсептелет.

## 4. ҮКӨ ТАЯНЫЧТАРЫНЫН ТОПТОМУНУН КОМПОНЕНТТЕРИ

ҮКӨ таянычтарынын топтому 5 тармакты камтыйт:

1. Маалымат чогултуу таяныччтары (ҮКӨнү колдоо)

2. Өзүнүн окуп-үйрөнүү муктаждыгын баалоо

3. Окуп-үйрөнүү жагынан муктаждыктарын баалоо

4. Пландоо жана байкоо таяныччтары

5. ҮКӨнү коштоо

## 5. ҮКӨ ИШИН УЮШТУРУУ

**5.1.** **ҮКӨ** планы жыл башында директор тарабынан бекитилет.
**5.2.** Окуу жылынын ичинде менторлор тарабынан усулдук окуулар уюштурулат.
**5.3.** Окуу жылынын аягында окуу бөлүм башчы жана менторлор тарабынан ҮКӨ планынын ишке ашуу боюнча анализ жүргүзөт.
**5.4.** **ҮКӨ планынын** документациялары мектепте сакталат

## 6. ҮКӨ МИЛДЕТТЕРИ

**6.1** Кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө иштөө.
**6.2.** Практикалык семинарларга, алдыңкы иш-тажрыйбасы бар менторлордонун усулдук окууларына катышуу.
**6.3.** Педагогикалык ишмердүүлүктөгү өзүн-өзү анализдөөнүн негиздерин билүүсү.
6.4. ҮКӨ гүү планын жыл сайын түзүү
.